DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2021

*Арабаев А.А., Оморова Г.С.*

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ТАРАБЫНАН КАЛКТУУ КОНУШТАРДА НОТАРИАЛДЫК КЫЗМАТТАР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУДАГЫ НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕР

*Арабаев А.А., Оморова Г.С.*

## ОСНОВНЫЕ ВОПРОСЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ НОТАРИАЛЬНЫМИ УСЛУГАМИ В НАСЕЛЕННЫХ ПУНКТАХ ОРГАНАМИ МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ

***A. Arabaev, G. Omarova***

## THE MAIN ISSUES OF PROVIDING NOTARY SERVICES IN LOCALITIES BY LOCAL SELF-GOVERNMENT BODIES

*УДК: 342.553(342.7)*

*Бул макалада жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары боюнча теориялык жана практикалык маселелери жана Кыргыз Республикасынын адилет министрлигинин уруксаты менен калктуу конуштарда нотариалдык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн атайын укук алган ыйгарымдуу кызмат адамдардын укук ыйгарымы каралат. Автор нотариалдык ишмердүүлүккө кепилдик берүүгө көбүрөөк көңүл буруу керек экендигин сунуштайт жана нотариалдык ишмердүүлүктүн формасына гана токтолбой (мамлекеттик жана жеке нотариустар) анын сапаттуулугуна эмес укукту колдонууну коргоодо да эфективдүүлүгүн көрсөтүүдө. Тактап айтканда өзгөчө аймактагы калктуу конуштардагы жарандар, толук кандуу, сапаттуу, мыйзамдын негизинде минималдуу зарыл болгон нотариалдык ишмердигин көрсөтүү керектелет. Максаты: Бул макалада нотариустун, калктуу конуштардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары жана алардын укук ыйгарымдарын жүзөгө ашырууну салыштырмалуу укуктук негизде изилдөө саналат. Мамлекеттик (коомдук) кызмат көрсөтүүнүн бир түрү катары, нотариалдык кызматтын укуктук жөнгө салуунун кемчилдигине өзгөчө көңүл бурулат. Изилдөөнүн натыйжалары практикалык ишмердикте практика менен алек болгон юристер жана илимий-теоретикалык багытта жарандык укугунда жана нотариат боюнча окутулуучу курстарда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн методу: методологиялык изилдөөнүн негизин жалпы илимий, укуктук-салыштырма жана атайын-юридикалык методдор түздү.*

***Негизги сөздөр:*** *нотариус, нотариалдык иш, нотариалдык кызмат, башкаруу органдары, консультациялык жардам, юридикалык жардам.*

*В статье рассматриваются теоретические и практические вопросы по полномочиям органов местного самоуправления и правоприменения уполномоченных должностных лиц, получивших специальное право на совершение нотариальных действий в населенных пунктах с разрешения Министерства юстиции Кыргызской Республики. Автор предлагает уделять особое внимания гарантиям нотариальной деятельности и указывает не только на форму нотариальной деятельности (государственные и частные нотариусы), но и на ее эффективность в защите правоприменения. В частности, гражданам, проживающим в населенных пунктах, находящихся на исключительной территории, необходимо оказывать полноценные, качественные, минимально необходимые на основе закона нотариальные услуги. Цель: данная статья представляет собой сравнительно-правовое исследование нотариата, должностных лиц органов местного самоуправления населенных пунктов и осуществления ими своих полномочий. Особое внимание уделяется недостаткам правового регулирования нотариальной службы как вида государственной (общественной) услуги. Результаты исследования могут быть использованы в практической деятельности юристами, занимающимися практикой, и на курсах по гражданскому праву и нотариату в научно-теоретическом направлении. Метод исследования: в основу методологического исследования составили общенаучные, сравнительно-правовые и специально-юридические методы.*

***Ключевые слова:*** *нотариус, нотариальная деятельность, нотариальные услуги, органы управления, консультационная помощь, юридическая помощь.*

*The article discusses theoretical and practical issues on the powers of local self-government bodies and law enforcement of authorized officials who have received a special right to perform notarial actions in settlements with the permission of the Ministry of Justice of the Kyrgyz Republic. The author suggests paying special attention to guarantees of notarial activity and points not only to the form of notarial activity (public and private notaries), but also to its effectiveness in protecting law enforcement. In particular, citizens living in localities located on an exclusive territory need to provide full-fledged, high-quality, minimally necessary notary services based on the law. Purpose: this article is a comparative legal study of notaries, officials of local self-government bodies of settlements and their exercise of their powers. Particular attention is paid to the shortcomings of the legal regulation of the notary service as a type of state (public) service. The results of the research can be used in practice by lawyers engaged in practice, and in courses on civil law and notary in the scientific and theoretical direction. The research method. The methodological research was based on general scientific, comparative legal and special legal methods.*

***Key words:*** *notary, notary activity, notary services, management bodies, consulting assistance, legal assistance.*

Жергиликтүү өз алдынча башкарууну реформалоо учурунда, мамлекет мамлекеттик бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы өз ара аракеттенүүсүндө чет өлкөлүк моделдерин колдонушу керек, анткени бул багытта тажрыйба жетишсиз. Ошол эле учурда, борбордук жана жергиликтүү бийлик органдарынын ортосундагы мамилелер ошол мезгилдеги Кыргызстан Республикасынын 1991-жылдагы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана Кыргыз Республикасындагы жерги-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө [8]» мыйзамы чыккан мезгилден тартып бүгүнкү күнгө чейин талкуулар көп жана чечилбей келген маселелерди белгилей кетүү керек.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесине ылайык ар бир адам квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу [1]. Ушул баш мыйзамга ылайык күчүндөгү башка мыйзамдарда юридикалык жардам көрсөтүү мамлекеттин эсебинен да көрсөтүлүшү мүмкүн. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу иш аракеттери бүгүнкү күндө – жергиликтүү коомдун өз кызыкчылыктарындагы өз жоопкерчилигинде жергиликтүү жамааттын маселелерди чечүүгө багытталган өз алдынча ишмердүүлүк [5].

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруу-нун шарттарын зарыл болгон материалдык жана каржылык каражаттар менен бир эле убакта мамлекеттик камсыз кылуунун тартибин белгилеп, мыйзамдын же келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат [6]. Бул жерде белгилөөчү маселе нотариалдык аракеттерди жасоо жөнүндө жоболор жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгу мыйзамда 29-беренеде камтылган [5]. Мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүү жөнүндө мыйзамда төмөнкүлөр каздешет: Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык нотариалдык аракеттерди жасоо; жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары боюнча консультациялык укуктук жардам берүү жобосунда, ар бир мамлекеттик орган өз функцияларынын чегинде консультациялык жана юридикалык жардамды, анын ичинде жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары камсыз кылууга милдеттүү.

Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тармактык мыйзамдарында көрсөтүлгөн, объективдүү жана субъективдүү себептер менен бирок иш жүзүндө аткарылбагандыгында. Райондук деңгээлде мындай борборлорду түзүү системасы чегинде өз ара аракеттенүүнү, системанын чегинде натыйжалуу механизмдерди иштеп чыгат, мындай жардам көрсөткөн адамдардын потенциалын жогорулатуунун натыйжалуу механизмдерин иштеп чыгат. Өлкөнүн алыскы аймакты нотариалдык жардам менен камсыз кылуу көйгөйү бар.

Кыргыз Республикасындагы нотариат жөнүндө мыйзамында көрсөтүлгөндөй мамлекеттик жана жеке нотариустар бар. Аталышына карабастан, бул нотариустар бирдей статуска жана ыйгарым укукка ээ. Алардын өзгөчөлүгү, алар бир эле аймакта же райондо бир эле учурда бир аймактык округта болушу мүмкүн. Бул жерде айтуу керек нотариус статус алуу тартиби да окшош жана бош орунду ээлөө үчүн нотариалдык ишмердигинин эки түрү тең, лицензия алууга уруксат алуу, конкурстук тандоого катышуу, нотариустан стажировкадан өтүүсү бир эле тартипте өткөрүлүп турарын мыйзамдан байкасак болот. Бирок кээ бир учурларда алардын укук жана милдеттеринде айрымачылдыктарды атасак болот алар: жеке нотариус банктык жана акчалай депозитти ачууга же нотариалдык кеңсесин ачууда бош каналарды ижарага алууга, жардамчыны алууга жана өз ишмердигин жогорку деңгээлде жүргүүзүүгө шарттарды түзүүлөрдү укуктуу.

Бул жерде көйгөйлүү маселеге айланган бул жарандардын нотариалдык ишмердүүлүктүн жеке секторуна анча да эмес ишенбөөчүлүктөрдөн чыгышы мүмкүн. Албетте, жарандар жеке нотариустарга ишенишпейт, бирок кызмат көрсөтүү максатында жана юридикалык жардам көрсөтүүдө артыкчылык жеке иштеген нотариустарга берилет. Бул мамлекеттик нотариустарга салыштырмалуу бюджеттик эмес нотариустардын артыкчылыгы менен тастыкталат. Кыргызстанда жеке нотариустар көп болсо да алар өлкөдөгү калкка нотариалдык кызматын берүүдө жетишпейт. Бул маселе биринчилерден нотариалдык конторалары көбүнчө социалдык жана экономикалык жагдайларды эске алганда ири калктуу жерлерде, мисалыга райондордо, шаарларда. Ал эми көптөгөн айыл аймактарда мындай нотариалдык кеңселер жок (экономикалык жактан кирешесиз). Мындай белгилер көйгөй жаратпай койбойт.

Классикалык түрдө бул көйгөйлөрдү чечүүдө мамлекет өзүн өзү башкаруу органдарына нотариустун кээ бир ыйгарым укуктарын берген. Чынында өзүн-өзү башкаруу органдары мамлекеттин негизги саясатын колдоочу жана аткаруучу орган катары түзүлгөн. Буга далил жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде айрым мамлекеттик ыйгарым укуктары муниципалдык райондордо жана шаардык округдарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жүргүзүү эрежелери бар. Бул эрежелер негизинен Европа Хартиясында камтылган [11]: толугу менен ыйгарым укуктарын (кызматтарды) өткөрүп берүү жана мындан сырткары аны каражат менен колдоо. Биздин изилдөөбүздүн негизги көйгөйүнө айланган бул муниципалдык башкармасынын администрациясынын нотариалдык аракеттерди жасоого ыйгарымдуу жоопту адамга берүү маселеси. Нотариалдык ишмердигин жөнгө салган мыйзамында жергиликтүү деңгээлде нотариалдык кызматын берүү нормалары каралган. Белгилеп кетүүчү бир жагдай бар, Кыргыз Республикасынын «Нотариат жөнүндө» мыйзамынын 2010-жылдын 4 мартындагы №45, 2014-жылдын 18-июлундагы №144, 2015-жылдын 2 июлундагы №142 редакцияларында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат жактарга нотариалдык иш-аракетин жасоодо толуктоо-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



лор кирген. Алардын ичинен бир мисал катары, эгерде калктуу конуштарда нотариус жок болсо ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан нотариалдык иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү мыйзамына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын бул аракеттерди жүргүзүүгө укуктуу.

Нотариалдык иш аракеттерди жүргүзүү үчүн нотариалдык ишмердүүлүктүн мамлекеттик негизги кепилдиктери жөнүндө белгилей кетсек болот.

Нотариат жөнүндөгү мыйзамдын 221-беренесине ылайык [2], нотариалдык кызматын аркалаган ар бир жаран, нотариалдык иш-аракет жүргүзгөн нотариалдык административдик аймактын ордуна жана кызматка киришүү убактысына карабастан кесиптик жоопкерчиликти камсыздандыруу келишими түзүүгө милдеттүү.

Бул келишимсиз нотариус жөнөкөй нотариалдык аракеттердин бири болгон документтин көчүрмөсүн да күбөлөндүрө албайт.

Нотариалдык төлөмдөрдүн өлчөмү жана тартиби нотариалдык административдик аймактан же нотариалдык кызмат көрсөткөн жарандан (нотариус же кызмат адамы) нотариалдык иш аракеттердин финансылык өзгөчөлүгүндө.

Төлөм эреже катары нотариалдык аркеттерди жүргүзүүдө мамлекеттик алымдан турат, ошондой эле көрсөтүлгөн нотариалдык кызматтардын келишимдердин долбоорун түзүүдө, укуктук жана техникалык кызмат көрсөтүүлөрдөн да алынат (23-24 бер.) [2].

Ошол эле мезгилде нотариалдык өлчөмдүн жогорудагы көрсөтүлгөн өлчөмү башка жактарга мамлекеттик нотариустарга, консулдук мекемелердеги атайын ыйгарым укуктуу кызмат адамдарга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызмат адамдарына эмес, бир гана жеке нотариустарга гана колдонулат.

Ушул негизде жыйымдардын ортосунда да маңыздуу айырма бар, кызмат адамы тарабынан башкача жана жеке нотариустарда төлөнүүчү жыйым да бөлөкчө.

Нотариустардагы финансылык кепилдиктери (милдеттенменин аталышында) депозиттик эсеп ачууну, нотариалдык кеңсени накталай же ижарага алууга, иш берүүчү катары иштөө мүмкүнчүлүгүнө, эмгек китепчесин ачууну, социалдык, салык ж.б. төлөмдөрдү төлөөнү өзүнө камтыйт.

Бирок бул кепилдик милдеттенмелер башка нотариалдык кенселерден айырмаланып жеке нотариустарга гана тиешелүү.

Мисалы: мамлекеттик нотариус бул мамлекеттик кызмат адамы мамлекеттик кеңсенин штабында жайгашкан, Кыргыз Республикасынын Нотариат жөнүндөгү мыйзамдын негизинде ведомствалык актылардын негизинде иш алып барат. Ошону менен бирге мамлекеттик бюджеттен материалдык финансылык жардам алат.

Калктуу пункттарда жайгашкан жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын нотариалдык аракет жүргүзүүчү кызмат адамдарыда ушул багытта иш алып барышат.

Нормативдик укуктук анализдин негизинде жеке нотариустар менен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө нотариалдык иш-аракетти жүргүзүүдө жана нормативдик укуктук актыларда да айырмачылыктар бар.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй негизги айырмачылыгы – укуктук статусунда – профессионалдык талаптарында. Нотариустук кызматка кандидаттурасын коюш үчүн стажер катары жана күнүмдүк милдеттерин аткаруу процессинде. Бул нотариалдык кесипке киришүүгө өзгөчө орун берилген коомдук укуктук превентивдүү функцияны мамлекеттин атынан жүргүзүүнү жана жарандык коомдо нотариалдык документтерди күбөлөндүрүүдө укуктук коргоочулук функцияны да аткарат.

Нотариус өз ишмердигинде биринчилерден болуп жарандык мыйзамдындагы кандай өзгөрүүлөр болсо укук колдонуу практикасында алдынкы колдонуучулардын бири болуп саналат. Себеби ар кандай мыйзамдагы калкка юридикалык жардам көрсөтүүдөгү өзгөрүүлөр жалпылап айтканда нотариатка да тиешелүү.

Нотариус бардык жагдайларга түшүндүрмө берүүсү зарыл, юридикалык билимдин жетишсиздиги адамдарга зыян келтирбөө үчүн кепилдикке, мыйзам талап кылынат. Ошону менен бирге, жергиликтүу өзүн-өзү башкаруу органдарынын атайын укук ыйгарымдуу кызмат адамына жогорку юридикалык билим мыйзам тарабынан талап кылынбайт, мыйзамда көрсөтүлгөн нотариалдык кесиптик ишмердүүлүктү милдеттүү камсыздандыруу да талап кылынбайт. Тактап айтканда алыскы райондордо райондун борборунан алыс жайгашкан тоолуу же жетүүгө кыйын болгон аймактарда нотариалдык кызмат көрсөтүү үчүн профессионалдуулуктун төмөн деңгээли тагыраак айтканда – юридикалык билимдин жоктугу.

Ошентип практика көрсөткөндөй Юстиция министрлиги нотариалдык иш аракеттин айрым түрлөрүн жасоого укук берүү боюнча жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын атайын укук ыйгарымдуу кызмат адамы укук берүүнүн оң натыйжаларын көрсөтүп жаткандыгына карабастан көрсөтүлүүчү нотариалдык кызматтар жөнүндө суроо туулат.

Муну менен бирге, мамлекетти социалдаштыруу принцибин ишке ашырган мыйзам чыгаруучу жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын нотариалдык аракеттерди (кызматтарды) жүзөгө ашыруу

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



үчүн женилдетилген шарттарды белгилеп, ошону менен планды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү кыйын абалга келип калышы мүмкүн.

Маселен жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызмат адамдары тарабынан нотариалдык кызматтарды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү кагылышууга дуушар болот: тийиштүү каржылоонун жоктугу, бул кызмат адамдарынын нотариалдык аракеттерди жасоодон баш тартуусуна алып келет; тийиштүү деңгээлдеги жогорку юридикалык билимдин жоктугу; тийиштүү кепилдиктердин жоктугу; муниципалдык кызматкерлердин тиешелүү деңгээлдеги жоопкерчилигинин жоктугу менен айтсак болот.

Ошентип жыйынтыктап жатып бул маселени чечүүнүн эки жолу бар деп төмөндөгүчө тыянак чыгарсак болот.

А) Же Кыргыз Республикасынын нотариус жөнүндөгү мыйзамга жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын администрация башчысынын, же ал юридикалык жогорку билимге болгон башка жаранга ыйгарым укукту берип милдеттүү талаптарга өзгөртүүлөрдү киргизүү – бул биздин оюубуз боюнча азыркы кадрдык абалды жакшыртууну эске алуу менен айрыкча алыскы толуу аймактарда айылдык калктуу конуштардын маселесин чечсе болот.

Б) Же кайра эле Кыргыз Республикасыны Нотариат мыйзамдарынын негиздерине, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары үчүн атайын курстардан 3 жылда бир жолу өтүү талабын киргизүү.

Нотариалдык мыйзамдарга тиешелүү өзгөртүүлөр кабыл алынган күндө да, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын белгилүү бир деңгээлдеги юридикалык билимге ээ болууга милдеттендирет бирок биздин өлкөдө минималдуу кепилденген нотариалдык кызматтарды толук камсыз кылуу жөнүндө сөз кылууга жол бербеген дагы бир көйгөй кала берет – электрондук документ жүгүртүү.

Кийинки «мүдүрүлүүчү тосмо» жоопкерчилик даражасы болуп саналат, ал бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарын учурунда мамлекеттик нотариустардын жоопкерчилигине дал келет, бирок жеке нотариустар менен эмес.

Ошентип, нотариалдык жүргүзүүдө каталар кетирилсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамы (администрациянын жетекчиси же ал тарабынан дайындалган адам) кесиптик ката кетирилген учурда финансылык зыяндын ордун толтурбайт. Бул нотариалдык чөйрөдө дагы, мыйзамдык өзгөрүүлөрдү талап кылат

Ал эми укуктун түрдүү тармактарында мындай реформа өтө жай жүргүзүлүүдө.

Кырдаалдан чыгуунун жолу юстиция органдарынын нотариустар менен укуктук ченемдик актылары кабыл алып, аймактык органдарынын базасында региондук нотариалдык палаталардын түздөн-түз катышуусу менен билимин жогорулатуу курстарды уюштуруу, үзгүлтүксүз жаңылоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы кабыл алынды [Электрондук ресурс: http://cbd. minjust. gov.kg].
2. Кыргыз Республикасынын «Нотариат жөнүндө» 1998-жылдын 30-майы № 70 мыйзамы. [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg].
3. Кыргыз Республикасынын «Салыктык эмес кирешелер жөнүндө» кодекси 2018-жылдын 10-августу №90. [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg].
4. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» 2011-жылдын 15-июлундагы №101 мыйзамы. [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg].
5. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-окт. №123. Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамы. [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg].
6. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынаайр ым мамлекеттик ыйгарым укуктарды берүүнүн тартиби жөнүндө» 2013-жылдын 9-июлу № 127 мыйзамы. [Электрондук ресурс: http://cbd. minjust. gov.kg].
7. Кыргыз Республикасынын «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» 2016-жылдын 16-декабры № 201 мыйзамы [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg];
8. Закон Республики Кыргызстан «О местном самоуправлении и местной государственной администрации в Республике Кыргызстан» от 19 апреля 1991 года 437-XII (утратил силу).
9. Кыргыз Республикасынын «Кепилденген юридикалык жардам жөнүндө» 16 декабря 2016 № 201 мыйзамы [Электрондук ресурс: http://cbd.minjust.gov.kg];
10. Нотариат жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому. Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоору жөнүндө 2008-жылдын 27-июну № 342.
11. Европейская Хартия местного самоуправления г.Страсбург от 15 октября 1985 года. [Электрондук ресурс: https: // online.toktom.kg/Toktom/51123.
12. Джакшылыкова Г.Д. Государственное регулирование нотариата в Кыргызской Республике. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №.7. - С. 129-132.